2014-жылдын III кварталынын

# ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 2 963 кг алтын өндүрүлгөн



## 2 900 кг сатып өткөрүлгөн



**Centerra Gold Inc.** (**«Центерра»**) жана «**Кумтөр Голд Компани**» 2014-жылдын үчүнчү кварталындагы ишинин жыйынтыктарын чыгарышты. Үстүбүздөгү жылдын тогуз айында «Кумтөр» кенинде 276 058 унция[1] же 8 586,4 кг алтын өндүрүлгөн. Компания 4 миллиард сомдон ашуун суммада салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү которгон.

| | III квартал, 30-сентябрга карата | | | 9 ай, 30-сентябрга карата | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2014** | 2013 | Өзгөрүүлөр, % менен | **2014** | 2013 | Өзгөрүүлөр, % менен |
| Алтынды «Кыргызалтынга» сатуудан түшкөн жалпы каражат (млн. USD )[2] | 117,0 | 116,8 | 0% | 348,4 | 362,0 | (4%) |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы[3], бардыгы (млн. USD) | 84,9 | 86,0 | (1%) | 272,9 | 218,0 | 25% |
| Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы[3,4] (унциясына USD менен) | 916 | 991 | (8%) | 1 002 | 877 | 14% |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү (миң тонна) | 48 649 | 41 741 | 17% | 148 938 | 129 827 | 15% |
| Казылып алынган руданын көлөмү (миң тонна) | 1 422 | 2 087 | (32%) | 2 025 | 3 095 | (35%) |
| Кайра иштетилген руданын көлөмү (миң тонна) | 1 426 | 1 312 | 9% | 4 338 | 4 136 | 5% |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 3,05 | 3,04 | 0% | 2,68 | 2,63 | 2% |
| Алтынды бөлүп алуу коэффициенти (% менен) | 72,7 | 76,4 | (5)% | 74,0 | 73,6 | 1% |
| Өндүрүлгөн алтын (унция менен)[1] | 95 265 | 90 289 | 6% | 276 058 | 252 272 | 9% |
| Өндүрүлгөн алтын (кг менен) | 2 963,1 | 2 808,3 | 6% | 8 586,4 | 7 846,5 | 9% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын (унция менен)[1] | 92 645 | 86 699 | 7% | 272 303 | 248 635 | 10% |
| Сатып өткөрүлгөн алтын ( кг менен) | 2 881,6 | 2 696,6 | 7% | 8 469,6 | 7 733,4 | 10% |
| Сатып өткөрүүнүн орточо баасы[4] (унциясына USD менен) | 1 263 | 1 347 | (6%) | 1 279 | 1 456 | (12%) |
| Оңдоп-түздөлгөн операциялык жумшоолор[4] (сатып өткөрүлгөн унциясына USD менен) | 539 | 639 | (16%) | 476 | 556 | (15%) |
| Өндүрүштү колдоого жалпы жумшоолор[4] (сатып өткөрүлгөн унциясына USD менен) | 1 110 | 1 264 | (12%) | 1 205 | 1 327 | (9%) |
| Бардык жумшоолор салыктарды эсепке албаганда[4] (сатып өткөрүлгөн унциясына USD менен) | 1 274 | 1 366 | (7%) | 1 310 | 1 488 | (12%) |
| Бардык жумшоолор салыктарды эсепке алуу менен[4] (сатып өткөрүлгөн унциясына USD менен) | 1 451 | 1 555 | (7%) | 1 489 | 1 689 | (12%) |
| Капиталдык жумшоолор (негизги фондуларды колдоп турууга)[4] (млн. USD менен) | 14,2 | 13,3 | 7% | 35,3 | 40,1 | (12%) |
| Капиталдык жумшоолор (өнүктүрүүгө)[4] (млн. USD менен) | 15,2 | 7,9 | 92% | 28,6 | 33,4 | (14%) |
| Капиталдык (кыртыш ачуу иштерине) (млн. USD менен) | 53,5 | 56,4 | (5%) | 228,5 | 207,8 | 10% |

1– Маалымат үчүн: троялык унция = 31,10348 грамм
2– Эгерде башкасы көрсөтүлбөсө, бардык акча суммалары АКШ долларында келтирилген.
3– Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы административдик жумшоолорду камтыбайт.
4– 2013-жылы компания өзүнүн отчеттуулугунда алар Бухэсептин жалпы кабыл алынган принциптеринин көрсөткүчтөрү болуп саналбаган, Алтын боюнча бүткүл дүйнөлүк кеңеш рекомендациялаган бир катар көрсөткүчтөрдү колдоно баштады.

Кошумча маалыматты «Центерранын»2014-ж. 19-февралындагы пресс-релизинен «Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган принциптери менен байланышпаган көрсөткүчтөр» бөлүгүнөн караңыздар.

«Оңдоп-түздөлгөн операциялык жумшоолор», «Өндүрүштү колдоп турууга жалпы жумшоолор», салыктарды эсепке алуу жана албоо менен «Бардык жумшоолор», ошондой эле сатып өткөрүлгөн унцияга кайра эсептелген «Сатып өткөрүүнүн орточо баасы» жана «Сатып өткөрүлгөн продукциянын өздүк наркы» Бухэсептин жалпы кабыл алынган көрсөткүчтөрү болуп саналышпайт.

**«Кумтөр» кен ишканасында өндүрүлгөн Доре куймалары бул «Кумтөр Голд Компанинин» атынан «Кумтөр Оперейтинг Компани», «Кыргызалтын» ААКсы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда түзүлгөн Алтынды жана күмүштү сатып өткөрүү жөнүндө кайра каралган келишимде каралгандай, «Кыргызалтын» Ачык акционердик коому тарабынан Кара-Балта шаарындагы аффинаждык ишканада аны андан ары кайра иштетүү үчүн сатып алынат. Аффинаждалган алтын менен күмүштү Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чектеринен тышкары сатып өткөрүү укугуна жалгыз «Кыргызалтын» ААКсы гана ээ.**



## Өндүрүштүк жана капиталдык чыгымдар

Капиталдык жумшоолор 2014-жылдын III кварталында 82,9 млн долларды түздү, анын ичинен:

- 14,2 млн. доллар негизги фондуларды колдоп турууга жумшалды[4];
- 15,2 млн. долларын өнүктүрүүгө инвестициялар түздү[4];
- 53,5 млн. доллар – кыртыш ачуу иштерин капиталдаштыруу.

**жалпы капиталдык чыгымдар**

**$82,9 млн**



## Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөмдөр жана башка милдеттүү которуулар

**4 млрд сом** ашуунду түздү



| 2014-жылдын 30-июнуна карата | миң АКШ доллары менен |
|---|---|
| Дүң кирешеге салык | 53 036,71 |
| Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна взнос | 4 848,98 |
| Экологиялык төлөм | 310,00 |
| Киреше салыгы | 3 696,30 |
| КРнын Социалдык фондуна төлөмдөр | 15 630,81 |
| Бажы төлөмдөрү | 796,66 |
| Резидент эместердин кирешелерине салык | 416,32 |
| Башка салыктар жана милдеттүү которуулар | 71,55 |
| **Жалпысынан** | 78 807,32 |
| **31.06.2014-ж. карата АКШ долларынын КРнын сомуна карата расмий курсу** | 54,52 |
| **Төлөнгөн төлөмдөрдүн эквиваленти миң сом менен** | 4 296 590,60 |

**Эскертүү:** 2009-жылдын 24-апрелиндеги “Кумтөр” долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң кирешеге салыкты жана Ысык-Көл областын өнүктүрүү фондуна төлөмдү эсептөө үчүн негиз катарында көрсөтүлгөн мезгилге продукцияны сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр саналат.

## 2014-жылга божомол

Алдын-ала эсептөөлөр боюнча «Кумтөр» кенинде 2014-жылы өндүрүштүн көлөмү, башында каралгандай эле, 550 – 600 миң. унция же 17,1 – 18,7 т алтынды түзөт. Мында, өткөн жылдагыдай эле, жалпы көлөмдүн 50%дан ашуусу 2014-жылдын акыркы кварталында, кайрадан борбордук карьердин SB аймагындагы алтындын жогору курамы бар бөлүккө жеткенде өндүрүлмөкчү.



**«Кумтөр» кени** Борбордук Азияда, Кыргыз Республикасында жайгашкан батыш компаниясы башкарган эң ири алтын кен ишкана. 1997-жылдын май айында өндүрүш иши башталгандан 2014-жылдын 30-сентябрына чейин «Кумтөрдө» жалпысынан **9,6 млн. унция** же **297 тонна алтын** өндүрүлгөн.

**«Кумтөр Голд Компани»** ишканасы «Кумтөр» долбоорунун оператору жана бүтүндөй өндүрүштүк цикл үчүн жоопкерчиликтүү.

**Centerra Gold Inc.** («Центерра») түндүк америкалык Борбор Азиядагы эң ири алтын өндүргөн батыш компаниясы. Компания Борбор Азия, мурдагы Советтер Союзу жана башка өлкөлөрдө алтын кендерин алуу, чалгындоо, иштеп чыгуу жана эксплуатациялоо менен алектенет. «Центерра» акциялары Торонтодогу фондулук биржада (TSX) CG символу астында жүгүртүлөт. Компания Канадада Онтарио аймагынын Торонто шаарында жайгашкан.

Кыргыз Республикасы «Кыргызалтын» ААКы аркылуу «Центерра» акцияларынын эң ири үлүшүнүн - **77 401 766 акциянын (33% тегереги)** кармоочусу. 2014-жылдын 17-ноябрына карата Кыргызстан акцияларынын үлүшү **336 миллион долларды** түздү.

Азыркы учурда «Центерра» Кыргыз Республикасында жана Монголияда аракеттеги эки алтын кен ишканага ээлик кылат. Мындан тышкары, Компания Монголияда «Гаатсурт» долбоорун иштетүү укугуна, Түркияда «Оксут Голд» долбооруна ээ жана Монголияда, Түркияда жана Батыш Канадада перспективалуу объектилерде геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө үлүштүк катышка ээ.

«Центерра» жөнүндө кошумча маалымат SEDAR www.sedar.com сайтында жана компаниянын www.centerragold.com, сайтында жеткиликтүү, ошол эле жерден 2014-жылдын II кварталынын жыйынтыктары боюнча пресс-релиздин толук тексти менен таанышууга болот. «Кумтөр» компаниясы жөнүндө маалымат www.kumtor.kg сайтында жеткиликтүү.